"БЕКИТЕМИН"
Т.Молдо атындагы №71
мектеп-интернатынын директору
............Э.К.Абдыкадыров

**Төмөндөгү жатакана эрежелерин ар бир бала сактоого жана аткарууга милдеттүү:**

- Эртең менен төшөктөрүн , жамынчыларын ирээтке келтирүүсү зарыл
- Жатакана бөлмөлөрүндө тазалыкты сактоо, нөөмөтчүлөр графигине ылайык нөөмөтчүлүк кылуу
- Шкафтардагы кийимдерди, окуу куралдарын ирээттөө
- Ар бир бала өзүнүн аты жазылгангана эмеректерди кана колдонуусу зарыл
- Бузулган электроточкаларды өз алдынча ремонт кылбоо, дароо жардамчы тарбиячыга кабар берүүгө тийиш
- Бут кийимдерди көрсөтүлгөн жерлерде гана сактоо
- Окуучу башка класстын бөлмөлөрүнө кирүүгө акысы жок
- Жатакана бөлмөлөрүнүн буюмдары ( столдор жана шкафтар, кроваттар ) окуу жылынын башында окуучуга өткөрүлүп берилет.
- Окуу жылынын аягында тизме боюнча тарбиячысына тапшырылат.
- Буюмдардын жана эмеректердин сакталуусуна жайгашкан класс, класс жетекчи жана тарбиячы жоопкер
- Буюмдарга зыян келтирилген адам такталбаса, жалпы класстын окуучулары тарабынан калыбына келтирилет , же акчасы төлөнөт.
- Сабактардан кийин мектептин сыртына чыгуу үчүн окуучулар тарбиячысынан уруксат алышы керек.
- Жатаканада ич кийимчен, окуучуларга ылайыксыз кийимдер менен (кыска шорты, пляж кийимдери ж.б.) жүрүүгө болбойт. Окуучулар сөзсүз байпакчан же үй тапочкалары менен жүрүшү керек.
- Жатаканага бут кийимчен кирүүгө катуу тыюу салынат. Ошондой эле туалеттер үчүн коюлган тапочкаларды коридорлордо, бөлмөлөрдө кийүүгө болбойт.
- Бөлмөлөргө тамак-аш, ичимдиктерди алып келүүгө, ичип-жегенге болбойт.
- Жатакананын күндөлүк иш режимин сактоого ар бир окуучу милдеттүү б.а. эртең менен туруу, жатаканадан чыгуу, жатаканага келүү, жатуу убакыттары сакталышы керек.
- Жатаканага порнографиялык журналдарды, кассеталарды, ичимдиктерди жана ар кандай зыяндуу нерселерди алып келген окуучу катуу жазаланат
- Бөлмөлөрдөгү орун-төшөнчүлөрдү, мебелдерди тарбиячысынын уруксаатысыз которуштурууга, алмаштырууга болбойт.
- Жуунучу жайларда суу крандарынын ачык калбашы керек.
- Бөлмөлөрдүн нөөмөтчүлөрү жарыкты өчүрүп кетиши керек.
- Жатаканадан уруксатсыз кеткен балдарга администрация тарабынан тиешелүү чара колдонулат
- Жатаканада мушташкан, уурулук кылган, тарбиячылардын сөзүн укпаган, күндөлүк режимди сактабаган, жатакана эрежелерин одоно бузган окуучулар мектептин дисциплина комиссиясында каралат.